# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№43

**2019-жылдын 24-майындагы №11 “Бүтүмдөрдү жараксыз деп таануу, ошондой эле ак ниеттүү сатып алуу тууралуу талаштарды кароодо мыйзамдарды колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын кээ бир маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Мыйзамдар өзгөргөнүнө байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Пленумунун токтомдорун инвентаризациялоо алкагында, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Регламентинин (Жобосунун) 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №11 “Бүтүмдөрдү жараксыз деп таануу, ошондой эле ак ниеттүү сатып алуу тууралуу талаштарды кароодо мыйзамдарды колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын кээ бир маселелери жөнүндө” токтомуна токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. токтомдун Преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгү, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренеси” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгү, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 18-беренеси” деген сөздөр менен алмаштырылсын, андан ары текст боюнча;

2. токтомдун 17-пункту боюнча:

1. үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Эгерде бүтүмдү жараксыз деп таануу талабы менен бир убакта бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап коюлса, анда бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап мүлктүк эмес мүнөздөгү талаш-тартыштарга киргизилет”;

2. төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

“Эгерде жараксыз (ничтожный) бүтүмдүн кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап бүтүмдү жараксыз деп таануу жөнүндө талап коюлбастан берилсе, мамлекеттик алым мүлктүк мүнөздөгү талаш-тартыштар үчүн белгиленген өлчөмдө төлөнөт”;

3. төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

"Талашууга мүмкүн болгон (оспоримая) бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап коюлганда, эгерде мындай бүтүм мыйзамда белгиленген тартипте жараксыз деп таанылган болсо, мүлктүк эмес мүнөздөгү талаш-тартыштар үчүн белгиленген мамлекеттик алым төлөнөт".

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

Маалымкат-негиздеме

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №11 «Бүтүмдөрдүн жараксыздыгы жана мүлктү ак ниеттүү сатып алуу боюнча талаш-тартыштар боюнча соттук практиканын айрым маселелери жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилүүгө тийиш, анткени аталган токтомдун жоболору төмөнкү нормаларга шилтеме жасайт:

5. 2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына;
6. 2003-жылдын 18-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, алар күчүн жоготкон макамга ээ болгон.

Учурда Кыргыз Республикасында төмөнкүлөр кабыл алынып, колдонулуп жатат:

7. 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
8. 2021-жылдын 15-ноябрындагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №11 «Бүтүмдөрдүн жараксыздыгы жана мүлктү ак ниеттүү сатып алуу боюнча талаш-тартыштар боюнча соттук практиканын айрым маселелери жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.